**Бекитем**

**Директор:** _________ **Ж.М.Белекова**

**"01" 09 2022-ж.**

**Майлуу-Суу шаарынын №5 жалпы билим берүү орто мектебинин химия кабинетинде коопсудук эрежелеринин сакталышы жөнүндө нускама**

Жалпы коопсуздук талаптары:
-Химия кабинетинде 8-класстан жогорку,техникалык коопсуздук эрежелер менен таанышкан бардык мугалимдер жана окуучуларга уруксат берилет.
-Химия кабинетинде иштеп жаткан окучулар жүрүм-турум эрежелерин,сабактардын жүргүртмөсүн,тыныгуу эрежелерин сактоо керек.
Химия кабинетинде иштеп жаткан окуучуларга коркунучтуу жана зыяндуу факторлор:
-Электр тогу менен жабыркоо,жогорку температура.
-Техникалар ТСО,шамалдатуу системасы.
-Лабороториялык-практикалык тажрыйбаларды жүргүзүүдөгү химиялык заттар менен иштөөдө вытяжной шкафтфн ичинде иштөө керек.

**Химия кабинетинде төмөнкүлөргө тыюу салынат:**
-Терезелерге торлорду,пардаларды чечилбей турган күндөн коргоочу,декоротивдик жана архитектуралык каражаттарды орнотууга;
-Кабинетти жылытуу максатында стандарттуу эме колго жасалган) жылытуучу жабдууларды колдонууга;
-Электролампаларын кагаз,кездеме жана башка күйүүчү материалдар мененжабууга;
-Бөлмөнү жарыктандырууда шамдарды,керосин лампаларын жана фонарларды колдонууга,тез күйүүчү суюктуктарды колдонуу менен бөлмөлөрдү,тетиктерди тазалоого;
-Окуучулар өз алдынча электрондук панелдик досканы розеткага кошууга жана иштетүүгө;
-өрттүн чыгышна жана жарылууга коркунучу бар заттарды чогуу сактоого;
**Кабинетте окуу процессин камсыздоого керектүү жабдуулардын сактоо эрежелери:**
-Аспаптар жана окуу куралдары ган турушу керек,алар шкафтарда,текчелерде сакталууга тийиш.Химия жана лабороториa кабинеттеринде бекитилген тизмелерде жана программаларда каралбаган

окуу көрсөтмө куралдарды жана жабдууларды сактоого эксперименттерди жана башка иштерди жүргүзүүгө жол берилбейт.

-Лабараториялык иштерди жүргүзүүдө колдонулуучу материалдарды жана заттарды алардын химиялык касиеттерин,өрт коопсуздугунун эрежелеринин нормаларын,талаптарын эске алуу менен сактоого тийиш.

-Өрттүн чыгышына жана жарылууга коркунучу бар заттарды чогуу сактоого тыюу салынат.

-Химиялык реактивдер талаптарга ылайык сакталууга тийиш.Эгерде реактивдер күйүүчү жана жарылуучу касиетке ээ болсо,анда идиште “Тез күйүүчү” (кызыл), “Жарылгыч” (көк) деген жазуусу бар кошумча этикетка бар болушу керек.Тез күйүүчү заттар жана күйүүчү суюуктуктар салынган идиштер капкагы өйдө караган,көтөрүп жылдырууга мүмкүн болгон металл ящиктерге салынышы керек.Ящиктин капталында металл кармагычтар бар болушу керек жана ачык боёк менен боёлуп,капкагында “Тез күйүүчү” деген белги бар болушу керек.Ящиктин түбүнө сантиметрден кем эмес катмарда кум салынат же 1сантиметр катмарда асбест барагы төшөлөт.

Кабинет башчысы: ________

